Токтом №3

11.01.2020 катышканы-26

Күн тартибинде:

1. II чейректин жыйынтыгы
2. Усулдук бирикмелердинотчёту
3. Олимпиаданын жыйынтыгы

Биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Женмуратова Гулмира сөз сүйлөдү.
Угулду:

Жыл башында окуучулардын саны-412болсо, жарым жылдыкта 104 окуучу кетип, 85 окуучу келди. II чейректи 393 окуучу менен аяктадык.

| Классы | Окуучулардын саны | Эң жакшы | Жакшы | Орто | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|
| 1-класс | 128 окуучу | - | - | - | - |
| 2-класс | 48 окуучу | - | - | - | - |
| 3-класс | 30 окуучу | 3 окуучу-10% | 10 окуучу-33% | 17 окуучу-57% | 30% |
| 4-А класс | 20 окуучу | - | 6 окуучу-30% | 14 окуучу-70% | 30% |
| 4-Б класс | 22 окуучу | 2 окуучу-9% | 10 окуучу-45% | 10 окуучу-46% | 54% |
| 3-4-класс | 72 окуучу | 5 окуучу-7% | 26 окуучу-36% | 41 окуучу-57% | 43% |
| 5-А класс | 15 окуучу | 1 окуучу-7% | 3 окуучу-20% | 11 окуучу-73% | 27% |
| 5-Б класс | 36 окуучу | 2 окуучу-6% | 5 окуучу-14% | 29 окуучу-80% | 20% |
| 6-класс | 20 окуучу | 1 окуучу-5% | 7 окуучу-35% | 12 окуучу-60% | 40% |
| 7-класс | 23 окуучу | 2 окуучу-9% | 9 окуучу-39% | 12 окуучу-52% | 48% |
| 8-класс | 24 окуучу | 1 окуучу-4% | 3 окуучу-13% | 20 окуучу-83% | 17% |
| 9-класс | 27 окуучу | 1 окуучу-4% | 8 окуучу-30% | 18 окуучу-66% | 34% |
| 5-9-класс | 145 окуучу | 8 окуучу-6% | 35 окуучу-24% | 102 окуучу-70% | 30% |
| 3-9-класс | 217 окуучу | 13 окуучу-6% | 61 окуучу-28% | 143 окуучу-66% | 34% |

Өткөн чейректе 33%ды түзсө, ал эми II чейректе 1% га өсүп, 34%ды түздү. Бүгүнкү күндө 393 окуучу менен II чейректи аяктадык.

Жарыш сөзгө мектептин директору Эрматов А.К. сөз сүйлөдү.
Угулду:

Мен Гулмира эжекенин сөзүн угуп, кээ бир класстардын билим сапатынын төмөндөп кеткендигин, окуучулардын жарым жыл ичинде 100 окуучу кетип, 85 окуучу келгендигин айтып өттү. Мунун себеби эмнеде? Мугалимдер сабакка жетишпеген окуучулар менен көбүрөөк иштеш керек, керек болсо, сабактан кийин жетишпеген окуучлура менен жекече иштеп, өз предметиниздерге кызыктыруу керек. Ата-энелер менен тыгыз байланышып, окуучунун сабактан начарлап кетүүсүнүн себебин анализдөө керек.

Ошондой эле жарыш сөзгө адеп мугалими Карабаева Раанагүл сөз сүйлөдү.
Угулду:

Мурдагы айылдан келген окуучуларыбыз өз айылдарына кетишти, жолдон кыйналышты окшойт. Мына ошол да негизгисебептеринин бири. Башка айылдардан келген балдар мурда бешке окуса, бул жакка келип, “4”, “3” болуп, билим сапатынын төмөндөп кетишинин себеби болот.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап пед. кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1. II чейректин жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын.

Экинчи маселе боюнча эстетикалык усулдук бирикменин жетекчиси Карабаева Раанагүл сөз сүйлөдү.

Угулду:

Ноябрь айында 6-кдассынын окуу программаларынын мазмуну жана т үзүлүшүнүн үстүндө иштөө боюнча календардык программалардын жазылуулары текшерилди. Бардык сабактар талапка ылайык стандарттык иштелип чыкканпрограмманын негизинде түзүлгөн. Кээ бир окуучулар менен анын өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү менен ата-энелер менен жана окуучу менен технология сабагын жекече иштер алынып барылды. 6-класстын окуучусу Абжалиев Марсел чыгармаларды жаратууда чоң ийгиликтерге жетишти. Токоева Элмира да өз алдынча чыгармачылык менен эмгектерди жаратууда. Ноябрь айында өтүлгөн жок. Февраль айына жылдырылды. Жаңы жылга карата зал ата-энелердин жардамы менен жасалды. Концерттик программалар мугалимдер, организатор музыкант менен биргеликте уюштурулду.

Кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикменин жетекчиси Маккамбаева сөз сүйлөдү.

Угулду:

2019-2020-окуу жылынын 15-ноябрында кыргыз тили жана адабиятынан мектеп ичинде олимпиада өткөрүлдү. Олимпиадага 5-9-класстардын окуучулары катышты. Жаш өзгөчөлүктөрүнө карата тапшырмалар берилип, жыйынтыгын чыгарып алуу бөлүм башчысына тапшырылды.

4-декабрь күнү "Манас күнүнө" карата иш-чаралар өткөрүлдү. Кыргыз тили жана адабяты мугалими Маккамбаева доклад окуду. Бул иш-чарага бардык окуучулар активдүү катышышты. Мындан сырткары 5-9-класстар арасынла "Манас күнүнө" карата "Манас айтуу" сынагы өткөрүлдү. Сынакта төмөндөгүдөй орунга ээ болушту:

1-орун Сариева А. - 8-класс

2-орун Салиева А. -7-класс

3-орун Жээнбеков А. -5-Б класс

12-декабрь күнү улуу жазуучубуз Ч. Айтматовдун 91 жылдыгына арналган иш-чаралар өткөрүлдү. Бул иш-чарага бардык класстар активдүү катышышты. Мында кыргыз тили жана адабияты мугалими Султанова М. улуу жазуучу Ч. Айтматов боюнча доклад окуп берди.

Бул иш-чаранын критерийи төмөндөгүдөй бөлүктөрдөн турду:

1. Көркөм окуу
2. Ч. Айтматовдун чыгармаларынан үзүндү
3. Суроо-жооп

Мында класстар төмөндөгүдөй орундарга ээ болушту:

1-орун 8-класс-45 упай

2-орун 7-класс-42 упай

3-орун 6-класс-41упай

19-20-декабрь күнү шаардык олимпиада өткөрүлүп, биздин окуучулар да өз билимдерин сынап келишти. План боюнча декабрь айында окуучулардын жумушчу дептерлеринин абалытекшерилди. Ар бир класста экиден, үчтөн окуучунун дептерлери толук эмес. Ар бир класстын мугалимдерине эскертмелер айтылды.

Башталгыч усулдук бирикменин жетекчиси Садирова Алтынай төмөнкүлөргө токтолуп кетти.

Угулду:

Ноябрь айында 2-4-класстардын күндөлүтөрүн текшерүү болду. 2-А класста 28 окуучу бар, баарынын күндөлүгү бар. Мугалим тарабынан текшерилип, эскерьмелер жазылып турат. 2-А класстын күндөлүктөрүнүн абалы жакшы.Ошондой эле 2-Б кл., 3-А кл., 4-А кл., 4-Б класстарынын да күндөлүктөрү бар, мугалим тарабынан текшерилип турат. Жалпысынан алганда күндөлүктөрдүн абалы орто, ошондой эле ноябрь айында Исманова Бүзейнеп 4-Б классына чтениядан ачык сабак өттү. "У природы нет плохой погоды" деген темада сабакөтө кызык өтүлүп, окуучулардын баары активдүү катышты. Мугалим сабактарын жаңы ыкмаларды колдонуп, көсөтмөлүү өттү.Сабак максатына жетти. Ошондой эле бул айда ата-энелердин окуучунун жеке өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү боюнча ата-энелер менен чогулуш өтүлдү. Ата-энелер бир жумада бир келип балдарына китеп окуп бермекчи болду. Китепти окуп беришип, класстарга калтырмай болушту.

Декабрь айында 1-2-4-класстардын ылдамдыгы текшерилди:

| Классы | Окуучулар-дын жалпы саны | Катыш каны | Мугалими | Тамга тааныганы | Тамга тааныбага ны | Муундап окуганы | Тамгалап окуганы | Шар окуганы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1-А класс | 22 окуучу | 20 окуучу | Пайзилдаева Зубайда | 19 окуучу-95% | 1 окуучу-5% | 15 окуучу-25%-14-70% | 5 окуганы-26% | - |
| 1-Б класс | 26 окуучу | | Калыкова Жылдыз | 25 окуучу-96% | 1окуучу таанабай т-4% | 16 окуучу-61% | 7окуучу-27% | 3 окуучу-16% |
| 1-В класс | 22 окуучу | 19 окуучу | Эшмамбетова Машхура | 17 окуучу-89% | 2 окуучу-11% | 6 окуучу-32% | 8 окуучу-42% | 3 окуучу-16% |
| 1-Г класс | 21 окуучу | 18 окуучу | Медербек к Чынара | 17 окуучу-94% | 1окуучу-6% | 12 окуучу-67% | 3 окуучу-17% | 3 окуучу-16% |
| 1-Д класс | 28 окуучу | 23 окуучу | Турдуева Дарья | 23окуучу-100% | - | 12окуучу-53% | 7 окуучу-30% | 4 окуучу-17% |

| Классы | Окуучулардын жалпы саны | Катышканы | Мугалими | Нормадан жогору | Нормада | Нормага жетпейт | Билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 2-А класс | 18 окуучу | 17 окуучу | Муллаянова Зулфия | 3 окуучу-17% | 3 окуучу-17% | 11 окуучу-65% | |
| 2-Б класс | 28 окуучу | 22 окуучу | Эгимкулова Алтынай | 8 окуучу-38% | 5 окуучу-23% | 9 окуучу-41% | |
| 3-А класс | 28 окуучу | 28 окуучу | Идирисова Миргул | 8 окуучу-28% | 5 окуучу-22% | 13 окуучу-69%<br>14 окуучу-54% | |
| 4-А класс | 20 окуучу | 19 окуучу | Садирова Алтынай | 2 окуучу-10% | 4 окуучу-21% | 13 окуучу-69% | 31% |
| 4-Б класс | 21 окуучу | 19 окуучу | Исманова Бүзейнеп | 8 окуучу-42% | 2 окуучу-10% | 9 окуучу-48% | 48% |

Ошондой эле декабрь айында 2-А, 2-Б класстарынын мугалимдери ачык сабак өтүштү. 2-А класстын мугалими Муллаянова Зульфия адабий окуудан "Сүлөөсүн менен түлкү" деген темада ачык сабак өттү. Сабак максатына жетти.

2-Б класстын мугалими Эгимкулова А. адабий окууда "Алиппе болсо" деген ачык сабак өттү. Сабак абдан кызыктуу өтүлдү. Окуучулар сабакка активдүү катышышты .Сабак максатына жетти.

Табигый усулдук бирикменин жетекчиси Токурова Наринса сөз сүйлөдү.

Угулду:

Биздин усулдук бирикме да ноябрь айында мектеп ичинде олимпиада өткөрүп, анын ичинде эң жакшы орунду алгандар шаардык олимпиадага катышып, билимдерин сынап келишти. План боюнча 7-8-9-класстардан математикадан **срездик** иши алынды.
Мугалими Боркобаева Гүлхан-эмгек стажы-8 жыл.

| Классы | Окуучулардын саны | "5" | "4" | "3" | "2" |
|---|---|---|---|---|---|
| 7_класс | 23 окуучу | 8окуучу-34% | 6 окуучу-26% | 5 окуучу-21% | 3 окуучу-13% |
| 8-класс | 24 окуучу | 5 окуучу-20,8% | 7 окуучу-29% | 9 окуучу-27% | 3 окуучу-12,5% |
| 9-класс | 28 окуучу | 7 окуучу-25% | 7 окуучу-25% | 9 окуучу-32% | 5 окуучу-17% |

Мугалим сабакка жетишпеген окуучулар менен жекече иш алып баруусу керек. Жогорудагыларды угуп, талкуулап төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

2.Усулдук бирикменин отчёту канааттандыраарлык деп табылсын.

Үчүнчү маселе боюнча усулдук кеңештин төрайымы Сайпидинова У. төмөнкүлөргө токтолуп кетти.
Угулду:

Баарыңыздарга маалым 20-ноябрдан 31-ноябрга чейин кыргызтили, физика, тарых, орус тили, англис тили, биологоия, химия, математика, география,информатика предметтери боюнча мектеп ичинде олимпиада болуп өттү. Олимпиаданын жыйынтыгын окуу бөлүмүнүн башчысына тапшырылды. Мектептеги олимпиаданын жыйынтыгына карап, алдыңкы окуган окуучуну шаардык олимпиадага алып бардык. 19-20-декабрда шаардык олимпиада болуп өттү. Ага бардык предметтерден үчтөн окуучу барып катышып келди. Бир да предметтен орун болгон жок. Мына ошондуктан ар бир предметинин өзүнүн предметине кызыккан окуучуларды 5-класстан даярдап кетүү керек экен. Быйылкы окуу жылында тапшырмалар республикадан келди. Республика боюнча тапшырмалар бирдей болду. М: Кыргыз тилинен 9-класстан Каримова Мадина жана Салиева Асел барып,өздөрүнүн билимдерин текшерип келишти. Биринчи күнү адабияттан, экинчи күнү кыргыз тилинен жазуу түрүндө болду. Жылдагыга караганда өзгөчөрүүрөк болду.

Жарыш сөзгө биология мугалими Токурова Н. сөз сүйлөдү.
Угулду:

Мен дагы эки жылдан бери комиссияга мүчө болуп келе жатамын. Быйыл олимпиадага мүчө болуп, тапшырмалар республикадан келди, өтө татаал. Мына ошондуктан предметине кызыккан окуучуларды 5-класстан даярдап кетүү керек. Мурда 9-класска өзүнчө өзүнчө орун 10-11-класстарга өзүнчө орундарды берсе, быйыл баарын бириктирип кошуп 3 эсе орун берип, жатат. Шыктуу окуучулар билүү керек деп окуучулар менен жекече иштөө керек деген сунушту айткым келет.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап пед. кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

3.Ар бир предметтик мугалимдер өз предметине кызыккан окуучулар менен жекече иш алып барсын, усулдук бирикменин жетекчисине милдеттендирилсин, көзөмөлдөө жагы усулдук кеңешке жүктөлсүн.

Мектептин директору Эрматов А.К.

Катчы Сайпидинова У.М.